**Директор алдындагы кенешменин**

**протоколу.№1**

Куну:2.09.2019

Мугалимдин саны -15

Катышканы-9

Каралуучу маселелер:

1.Мектептин китепканасынын документтеринин абалы,окуучулардын китеп менен камсыз болушу.

2.Башталгыч класстын окуучуларынын ысык тамак менен камсыздалышы.

3.Кыргыз тилинин декадасынын журушу.

4.Окуу техникасынын жыйынтыгы 2-4класс

5.Аркандай маселелер.

Журушу,

Кенешмени мектеп директору Джусупова Нургул Султановна ачып,кун тартиби маенен таанвштырды жана китепканачы Исаева Айгулго соз берди.

Исаева Айгул.

Мектептин китеп фонду1060 болчу240китеп списаниеге чыкты,бугунку кунго фонд 820китеп .Баардык класстардын класс жетекчилерине китептер тизме боюнча таратылып берилди,Окуучулар дээрлик китеп менен толук камсыз болушту Жетишпеген китептер ата_энелер тарабынан сатылып берилди.7-класстын адабияты жокко эсе,болгону тамтыгы чыккан 3 китеп бар.Жылга заявка беребиз ,бирок жыйынтык жок,Класс жетекчилер кол коюп алдынар,демек китепке силер жооп бересинер,Жетпеген китептерди класс жетекчилер озунор тапканга аракет жасагыла.

Джусупова Нургул:

2-суроого отолу.

Бул ысык тамак боюнча .Буюрса ашканабыз жасалып бутту.Суу учун арык казылып ,суу тутуктору киргизилди,биртк суу чыкпай жатат.Жукун байке 3кундо бир суу алат экен ,ошондо алгыла дейт,андай болбойт да,бизге суу кунуго керек аристонду эмнеге койдук?Ашкананын чатырынан суу агат,аны жаппаса,ашкананын эртен эле кебетеси кетип,жасалган эмгеги талаага кетет.Айыл окмотко кайрылсам акча жок дейт.Эптеп жок дегенде 30 шифер болсо да алып бергиле ,озумду жумушчуларым менен ,ата_энелер менен биргеликте жаап алабыз дедим.Электр счетчиги нагрузка болгондо очуп калат,ал жагынан да жардам сурадым,

Башталгыч класстын мугалимдери балдарды уйроткуло ,колдорун созсуз самындап жууп ,салфеткага аарчысын.

Тамак берип атканда карагыла,эмне тамак берилип атат,сапаты кандай экенин.

Ашкана толугу менен капиталдык ремонттон отту.

3-суроо

Кыргыз тилинин декадасы откорулуп жатат.Мугалим Абдулканова Элнура декада мезгилинде откорулуучу иш-чаралардын планын иштеп чыгып,план боюнча иш алып барып жатат.Аткарган иштерин баары папкага салынууда.

4-суроо

2-4 класстардын окуу техникасы боюнча башталгыч класстардын метод бирикмесинин башчысы Майчекирова.Ф  айтып  берсин.

Окуу техникасын текшерүүдо 3-класс норма-40-45соз .Нормага жетпеген 3 окуучу Асаналиева Д,Омурбекова А,ЖайлобековТ,Нормага жеткен Кенешов И,48 соз Нормадан ашык 6 окуучу, Асанбекова А 77соз,Бактвбеков Э-102 соз,Курманбек кызы Розель 86,Маратов И -92,Тотуева 89,Жакшылыкова К 59,

4-класс нормага жетпейт 3 окуучу Ашуубеков Н 53-соз Малабеков,Жолдошбеков Т -52.Маданбеков М-40 соз.Нормага жетишкен 2 окуучу Сыргаков А -67 соз Кубанычбекова А-59 соз.Нормадан ашкан окуучу жок.

Жогорку айтылгандардын негизинде кенешме

Чечим кылынды.

1.Китептер менен толук камсыз кылынсын.

2.Суу маселесин чечүүгө конул бурулсун.

3.Окуу техникасын жакшыртууга аракет жасалсын.

4.Декаданын жыйынтыгы чыгарылсын.

Директор Джусупова .Н.С

Катчы Тотуева .А.С

# Протокол №2

Күнү:28.10.2019

Мугалимдин саны:15

Катышканы:10

Каралуучу маселелер:

1.Мектептеги ийридер ишинин уюштурулушу.

2.Техника коопсуздугунун сакталышы.

3.От жагуу сезонуна даярдык.

4.Ар кандай маселелер.

Жүрүшү:Директор Джусупова Н.С.кенешмени ачып, күн тартиби менен тааныштырды .

Мектепте кружок иштейт.Кружок жетекчилери Шекалиева М жана Сарыбаев С. Ар бир кружок боюнча тузулгон календарлык план, кундолук план, окуучулардын тизмеси,баа коюлган дептерболушу зарыл.

Бизде кружок иштери начар абалда,тез арада айтылган кемчиликтерди четтеткиле.

Техника коопсуздугу боюнча мектеп коллективинин кызматкерлерине да,окуучуларга инструкташотулуп,тушундурмо берилген .Техника коопсуздугу ,орт коопсуздугу боюнча жоопкерчилик Сарыбаев Сагынбекке жуктолгон.

От жагуу сезону да келди.Буга карата бардык кабинеттердин эшик,терезелери талапка жооп бергидей жасалышы зарыл.Бузук точкалар ,ачык проводдор чапталып иретке келтирилсин.

Эми стимфонд боюнча такташып алалы.Мен мындай сунуш киризгим келет.Озубуз баалоо критерийлерин иштеп чыгалы .Мен биринчиден болуп мектептеги тазалыкты жана тартипти сактоо учун дежурный класстын толук кандуу иштешин талап кылам.Бул учун класс жетекчи контроль кылып ,озу да танапис учурунда дежурлар менен бирге карасын,сабакка кирбей калган балдарды сабакка киргизсин .Атайын дежурство дептерин ачып,ар бир класс оз дежурство учурунда кечиккендерди ,форма кийбегендерди ,сабакка жетишпеген окуучуларды тактап,жуманын аягында газета чыгарып ,1-куну линейканын учурунда кийинки класска откоруп берсин.

Экинчиден поурочный пландарды эске алам,озунор корсотпосонор мен сурабайм,минус кое берем.Классынардын тартибин ,тазалыгын карагыла.Ата-энелер менен байланышып тургула.Биз балдарга сабактан кийин жооп бербейбиз,озунор жооптусунар деп кол койдуруп алгыла.

Мугалимдер сабактан суранбагыла,бир ото зарыл эле жумуш болгондо уруксат.НЦТга окуучуларды болуп алып даярдагыла,результат бергиле.1-2 сабагы жок мугалимдер бары бир эрте келгиле анткени классынар бар.

Поурочный планды стандарттын  негизинде даярын сатып албайлыбы ,кимдики жок болсо.Номерин бергиле ,мен чалып чакырайын.

Жогорку айтылгандардын негизинде кенешмеде

Чечим кылынды :

1.Ийримдин иштери жакшыртылсын.30 окуучу тар-н.

2.Техника коопсуздугунун сакталышына контроль  жургузулсун.

3.ОЗП га даярдык корулсун.

4.Кундолук пландар стандарттын негизинде сатылып алынсын.

Директор Джусупова.Н С

Катчы Тотуева .А.С

**Протокол №3**

Куну:22,11,2019

Мугалимдин саны -15

Катышканы -9

Планы:

1.5-классты классты жалпылоо текшеруусунун жыйынтыгы.

2.Физика сабагынын берилиши жана декаданын жыйынтыгы.

3.Мектептеги предметтик олимпиаданын уюштурулушу жана жыйынтыгы .

4.Кундолукторду текшеруу.

Журушу:

Кенешмени Джусупова Н.С ачып ,мугалимдердин кеншменин планы менен тааныштырды.

Андан кийин 5-классты класстык -жалпылоо текшеруусунун жыйынтыгы менен тааныштырды .

5-классты текшеруудон томонкулор аныкталды.Класста беш окуучу окуйт.3 эркек 2 кыз.Бул класстын жетишуусу орто,ар кайсы предметтен ар кандай жыйынтыкка ээ.Даярдыктары да бирдей эмес.дептерлери иретуу эмес,кундолуктору толук толтурулбайт,айрым предметтерден текшерилип баа коюлбайт. Кыргыз тилинде гана баалар коюлган .

Класстагы балдар бары эле окушат,жетишет.1-жыл жогорку класстын катарына кирип жаткандыктан кобуроок конул бурулсун.Класста Жекшенова А абдан жакшы жетишет.Жалпысынан жакшы .

Декадаларды журушу боюнча маалымат бере кетели Кыргыз тили ,башталгыч класстардын декадасы отту.Махабат нааразы болуп жатат ,анализди отуура эмес бериშти деп.Ким катышты ,оз ойлорунарды айткыла.

Ачык сабактарга баарынар катышканганга аракет,анализ бергенди уйронгуло,тажрыйба алмашкыла.

Позитивдуу тарбия боюнча текшеруу келгенде эмне деди,кимге айтты.

Майчекирова Менин кыргыз тилиме кирди .Жакшы сабак оттунуз ,максатыныз туура коюлуптур деп айтты.Китепканага келген китептерди окуучуларга берилиш керек деди.Колонкада берилип ,окуучуларга угузуу керек деди.

Джусупова Г: .Китепканачы ар кандай иш - чараларды ,коргозмолорду уюштурушу керек экен.

Исаева А: Мен жардам берип эле жатам ,каякка отмок элем ,китепканам кичинекей .Китептерди бербейм ,уйго берсем кайра келбейт.

_Жок сиз туура эмес кылып атасыз,китептерди берип окуучуларды кызыктырыш керек.Карточка ачып кол койдуруп ,тытсан толойсун деп тушундуруп беруу зарыл .Компьютерди уйронгуло .Баардык отчеттор компьютер аркылуу берилет.

Олимпиада башталгыч класстарда отулуп ,районого берилди.Кыргыз тилинин отчету даяр,орус тилинен жок.Меники озумдун колумда турат тарых.

Кундолукторду текшеруудо томонкулор аныкталды.

9-класс .2 окуучунун кундолугу жок ,кыздарынын кундолуктору жакшы.

8-класс класс жетекчинин да,ата-эненин да колу жок.еир,толгон эмес.

6-класста ошондой.

5-классты текшербей калдым ,бирок коруп атам.

Башталгыч клааска жетишпей калдым.2-класс оз кызымдан улам билем дайыма текшерилип .кол коюлуп толтурулуп турат.

Стимфонд класстык журнал ,тарбия журнал,календарлык план ,поурочный план,дежурство,кундолуктордун абалы,буйруктун аткарылышы боюнча болунот.

3-чейректе жакшыдап иштейли ,буйруктарды аткаралы.

Жогоку айтылгандардын негизинде

Чечим кылынды.

1.5-класстын окуучусу Усонбеков Жаныбекке жакшы конул бурулсун.

2.Предметтик олимпиаданын жыйынтыгы иретке келтирилсин.

3.Кундолуктор боюнча кемчиликтер четтетилсин .

4.Буйруктар оз убагында так аткарылсын.

Директор Джусупова Н.С

Катчы Тотуева А .С

# Протокол №4

Күнү: 25.12.2019

Мугалимдин саны :15

Катышканы:10

Каралуучу маселелер:

1.Зээндуу окуучулар менен иш алып баруу.

2.География сабагынын берилиши жана декаданын жыйынтыгы.

3.Окуу китептеринин абалы .Жылуулук жана жарык режиминин сакталышы.

4.Мектеп ичинде учетко алынган окуучулардын сабакка катышуусу жана жетишуусу.

Кенешмеде директор Джусупова Нургуль соз алып ,мугалимдерди кун тартиби менен тааныштырды.

Кымбаттуу мугалимдер ,откондо текшеруу келип ,зээндуу окуучулар менен иштоо папкасын текшергенде 3-4 мугалимде эле бар экен,калгандарынардыкы жок экен.Болсо да толук эмес.Азыр ушул боюнча катуу текшеруу болуп жатат.Тез арада папканарды даярдагыла.

2-маселеге токтолсок ,декада отту,озунор сабактарга катышып,анализ бердинер ,жалпысынан жакшы денгээлде отту десек болот.Предметнник сабактарын кызыктуу инновациялык методдорду колдонуу менен отот.

Окуу китептеринин абалы "орто" жана ортодон жогору.Кмтептердин айрылганын чаптап колдонушпай.самсаалап чыгып журот.Ошолорду карап чаптатып ,сырттатып ,козомол кылгыла .Жылуулук батареяларын режим боюнча очуруп-куйгузуу жагына конул бурулууга тийиш.

Жакында жаны-жыл майрамы болот.Балдардын ден-соолугунун коопсуздугун сактоого зор конул болунууго тийиш.Ар бир окуучуга кол койдургула ,техника коопсуздугу боюнча тушундуруу иштерин жургузгуло.Петардаларды ,взрывчатка,салют атууга тыюу салып ,ата-энелери менен суйлошкуло.

Мектеп ичинде учетко турган окуучулпрдын сабакка катышуусун,жетишуусун козомолго алгыла.9-класс Жаналиев Сыймык ,5-класс Усенбеков Жаныбек.Экоо тен "3"-"4" деген бааларга окушат.Тартиптери канааттандырарлык ,сабактан калышпайт.

Жогорку айтылгандын негизинде

Чечим кылынды.

1.Зээндуу окуучулар менен иштоо папкалар толуктталсын.

2.Окуу китептеринин абалына козомол жургузулсун.

3.Жылуулук режими сакталсын .

4.Жаны жылдык балаты майрамы уюшкандыкта ,кызыктуу откорулсун.

Директор Джусупова.Н. С

Катчы Тотуева А. С.

# Протокол №5

Күнү: 21.01.2021.

Мугалимдердин саны:15

Катышканы :11

Каралуучу маселелер:

1.Класстык журналдарды текшеруу

2.Химия сабагынын берилишинин жыйынтыгы.

3.УБжетекчилердин жарым жылдыкта иштеген иштери.Чейректик жыйынтык.

Журушу:

Кенешмеде мектептин директору Джусупова Нургул Султанова соз баштап ,мугалимдерди кун тартиби менен тааныштырды.

1.Саламатсыздарбы дагы бир жолу урматтуу мугалимдер .Мен биринчи суроо боюнча маалымат берип кетейин .20-21-январь кундору мен озум ар бир класска кирип кундолукторду ,журналдарды текшерип чыктым.

Бирнчи окуучулардын кундолукторуно токтолуп кетмекчимин .Текшеруудо окуучулардын кобундо кундолуктордун жок экени аныкталды.Эмне учун жок деген суроого окуучулар биз электрондук кундолукту колдонуп жатабыз деп жооп беришти .Урматтуу класс жетекчилер тез арада кундолукторду ата-энелер сатып беришсин,каттуу козомолго алгыла.Электрондук кундолукту да,жонокой кундолукту да колдонобуз.Ошону эстен чыгарбагыла.Ал эми журналдарды текшеруудо кээ бир мугалимдер электрондук кундолукту толтурбай жаткандыгын кордум.Дагы бир жолу айтып кетейин кыызыл журнал менен электрондук журналдагы жазуулар дал келиши керек .Кобунуку туура толтуруп жатышыптыр .Бирок кээ бироолрдун электрондук журналдагы дата менен кызыл журналдагы даталар дал келбегендер да жок эмес экен.Ушул айтылган кемчиликтерди тез арада жойгула.

2.Ал эми экинчи суроо боюнча химия сабагынын берилишинин жыйынтыгына токтолсок Капарова Махабат озунор билгендей эле коп жылдан бери бул мектепте айкалыштырып иштеп келет.Бирок ошого карабастан Махабаттын сабактары кызыктуу,корсотмолуукылып отконго чон аракет жасап келет.Махабаттын тырышчаактыгын ,жоопкерчиликтуулугун баса белгилеп кетким келет.Качан гана болбосун химия сабагында окуучулар кызыгып активдуу жооп берип жаткандыгына текшеруудо кубо болуп келем.Махабат эжейибизге чын ден-соолук жана иштерине мынданда чон ийгиликтерди каалап кетким келет.Эми келе жаткан улуттук тестирлоого даярдап окуучуларды жакшы жыйынтыктарды корсотосуз деп ишенем.

3.Анда эмесе учунчу суроо боюнча баарыбыз усулдук бирикмелердин жарым жылдыкта иштеген иштеринин жыйынтыктарын оз оздорунан угалы.Башталгыч класстардын усулдук бирикмесинин жетекчиси Майчекирова Фарида эжеге берем.

Башталгыч класстын усулдук бирикмесинде 5 мугалим бар.Алар:

1,Тотуева Анара 0-класс

2,Абдулканова Элнура 1-класс

3.Мокушева Асимкул 2-класс

3.Орозалиева Динара 3-класс

4,Майчекирова Фарида 4-класс

Жылдын башында бардык окуучулардан старттык текшерүү иштери алынды .

Усулдук тема боюнча иш алып баруу боюнча атайын план түзүлөт,план август кеңешмесинде бекитилет.Ар бир  жылда иштелген иштер өзүнчө папкага тиркелет.Даярдоо этабында окуучулардын билим сапатына талдоо жүргүзүлдүү .Ар бир мугалимдин бирден сабактарына жана тарбиялык сабактарына кирип катышып чыктым.Ошондой эле окуу техникаларын текшерүү өттү.

1-класста -окуучулардын бардыгы бир окуучудан башкасы нормага жетип   жана нормадан ашык окуй алышат.

2-класста-окуучулардын көбү нормага жетпейт.Окугандары жай жана окуганын түшүндүрүп айтып бере алышпайт.

3-класста-жалпы нормага жетип окуй алышат.Окугандарын түшүнүп айтып бере алышат.

4-класстын окуучулары башкача айтканда менин классым жалпы нормадан ашык окушат,окугандарын түшүнүп айтып бере алышат.

Ал эми апрель айына биздин усулдун жумалыгына графиктер,ачык саатар ,класстан тышкаркы иштер каралып пландаштарып жатам.

Жогоруда айтылгандардын негизинде

Чечим кылынды.

1.Ар бир класс жетекчи ,предметтик мугалимдер электрондук күндөлүк менен бирге класстык журналдарды чогуу тең толтурушсун.

2.Химия сабагынын мугалими Капарова Махабаттын иши канааттандырарлык деп табылсын.

3.УБжетекчилерине айтылган кемчиликтерди тез арада жоюшсун.

Мектеп директору Джусупова Н С

Катчы Тотуева А С

**Протокол №6**

Күнү::16.02.2021

Мугалимдердин саны :15

Катышкандары :12

Каралуучу маселелер :

1.Орус тил ,англис тил  сабагынын берилишинин жыйынтыгы.

2.Предметтик ийримдерди козомолдоонун жыйынтыгы.

3.Мектептин «Кыздар кенешин» алып барган мугалиминин  отчету.

4.5-9 кл окуу дептерин жана кундолукторун  текшеруу.

Журушу:

Завуч: Орозалиева Динара .

2-4 февральга чейин орус тил ,англист ил сабагынын берилишин текшеруу  журду мектеп ичинде .Башталгыч класстардын орус тил сабагын Джусупова Гулира Султановна 12 саат менен иштейт .Ал эми жогорку класстарга орус тилди Абдыкадырова Айгул Жумабековн а сабак берет.

Башталгыч класстарга токтолсок 1-4 класс тын окуучулары орус тилде окуй алышат,орус тилинде суйлой алышат.Мугалимдин суроосун тушунуп кайра ,орус тилинде жооп берип жатышат.Озгочо 1 жана 3,4класстын окуучулары .

Орус тил сабагында абдан активдуулугун байкадам .Гулира Султановна окуучу ларга сабакты кызыктуу ,жеткиликтуу отконго аракетин коп жумшайт.Ошондой эле чон класстардын орус тил сабактарына катыштым,башталгыч класстардын окуучуларына салыштырмалуу жогорку класстын окуучуларынын сабактагы активдуулугу начар экени байкалды.Тапшырмалар аткарылбайт.Орус тил боюнча эрежелерди жакшы билишпейт,орус тилинде жоопту кээ бироолору  туура эмес жооп берип жатышты.

Ал эми англис т ил сабагынан  Иманалиева Чолпон Исаковна берет.Чолпон Исаковна келгенине экинчи эле жыл болду,бирок ошол аз эле убакыттын  ичинде сабакка балдардын кызыгуусу артып ,кобу англис тилинде  окуганды уйронушту алфавитти ар бири жатка ырдап жатышат,эрежелерин билишет,англис тилинде жооп берип жатышат сабакта.Мугалим сабакты кызыктуу ,жеткиликтуу кылып отконго изденуу  менен иштеп жаткандыгы корунуп турат.

2.Директор:Эми кийинки суроого отолу .Экинчи суроо бул мектептеги ийримдердин ишин карамакчыбыз

1.Мектепте эки ийрим бар :1»Чебер колдор»жана «Баскетбол»ийримдер  аларды жетектеген жетекчилер :Сарыбаев Сагынбек  дене тарбия  мугалими,Мокушева Азимкул кол эмгек мугалими .Бул ийримдер  жумасына  5 жолу 2 саатан отулуп турат.Ийримдердин пландары тузулуп,бекитилген ,атайын журнал ачылган  ар бир ийримге 30дан окуучу  катышат,катталган .Чебер колдор  боюнча окуучулар бисерлер ,кийиздер,турдуу кагаздар алынган ,ар кандай  буюмдар  жасалып  жатат.Ал эми

баскетбол боюнча окуучулар баскебол оюнун эрежелери менен таанышып ,топту ийлегенди ,пас бергенди уйронуп жатышат,андан чонурaактары эки команда болуп ойноп жатышат.14/00-16/00го чейин ойношот.Кемчиликтер жетекчилерге айтылды.

3.»Кыздар кекнеши»

Директор суйлоду :Эми учунчу суроо боюнча « Кыздар кенешин» алып барган мугалим Кабылова Бегимайдын отчетун угалы.

Кабылова Бегимай :Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер сентябрь айынан бери « Кыздар кенешин»мен алып барып журом.Бизде онлайн режимде окуу жургондуктон мен ватсап группа ачып ,7-8-9 класстын кыздарын каттап директор Нургул Султановнаны да чогуу каттап киргизип койгом .

Бул кенеште 7-8-9-класстын кыздары болуп 11кыз катталган .Кенештин иш планы тузулуп бекитилген директор тарабынан .Планда жыл ичинде мектепте жашоонун сейрек образы тууралуу маектерди куруу,»Эрте никенин эмнеге алып келт деген темада диспут откоруу,»Менин келечегим озумдун колумда «деген темада ата-энелер менен ангемелешуу ,семинар каралган болчу.

Онлайн формада окуу журуп жаткандыгына байланыштуу вотцап группада «Эрте никенин кесепети»аттуу видео жонотулдуу ,окуучулар карап чыгып ангемелешууго даярданууга тапшырма берилген.Сейрек жашоонун образы тууралуу октябрь,декабрь айларында маек жургузулдуу.Январь айынан баштап мектепте окуй баштагандыктан ата-энелер чогулушун откордук.»Уй було кодекси»деген темада доклад окулду ата-энелерге ,кыздарга журум-турумуна кобуроок конул буруусуна .кечкисин эч жакка жибербегенге ,туулган кун майрамдарга жибербоосуно басым жасалды.»Менин келечегим озумдун колумда»деген темада 11-феральда эссе жаздырылды 7-8-9-класстардын класс жетекчилеринет айында чогуу кыздар менен семинар откоруу каралат.

4.Директор

Февральдын 9-10чейин 5-9 класстар окуу дептерлерин жана кундолукторун текшеруу журдуу .Кундолуктор боюнча айтсам 9-класстардын 8-класстын окуучуларынын кээ бири кундолук такыр ачкан эмес . Кундолугу жок Учунчу чейректин ортосуна жеттик окуучулар кундолук ача элек. Эмнеге жок деген суроого биз электрондук кундолук колдонуп жатабыз деп жооп беришти. Дептерлер сыртталган эмес ,дептер ачылган бирок ичинде эч кандай жазуу жок .Урматтуу мугалимдер ,класс жетекчилер каякты карап журобуз?Окуучуларыбыздын кундолугу жок экенин билбейбиз .Эмнеге контрольдобойбуз.Окуучу сабакта дептерге жазып жатабы же жокбу .Кундолукторун текшере элек экенсинер билинип калды .Айтылган кечиликтерди тез арада жойгула.

Жогуруда айтылгандардын негизинде кенешмеде чечим кылынды.

1.Алтымыш негизги мектебинин орус тил мугалими Абдыкадырова Айгул Джумабековна начар окуган окуучулар менен кошумча сабактарын откоруусун кучотсун .

2.Предметтик ийримдердин иши канаатандыраалык деп табылсын.

3.»Кыздар кенешинин «алып баруу иштерин эки жумада бир откоруп туруусу каралсын.

4.Дептер жана кундолуктор  боюнча  айтылган  класс жетекчилер  жана предметтик мугалимдер  мугалимдер  кечиликтерди  тез арада жоюшсун .

Мектеп директору                Джусупова Н С

Катчы                              Тотуева А С

**Протокол № 7**

Күнү:: 24.03.2021.

Мугалимдердин саны :15

Катышкандар:12

Каралуучу маселелер:

1.Математика сабагынын берилишинин жыйынтыгы .Чейректик жыйынтык .

2.Лабароториялык практикалык иштердин программа боюнча аткарылышы .

3.Начар окуучулар менен иштоо абалын козомолдоо .

Сыйлоо материалдарын кароо боюнча комиссиянын отуруму.

Кенешмени директор Джусупова Нургул Султановна ачып кун тартиби менен тааныштырды .

Джусупова Н С Урматтуу коллегалар кенешменин 1-маселеси математика сабагынын берилишин текшеруунун жыйынтыгы .

Текшеруудо томонкулор аныкталды .Математика мугалими Султанова Расия коп жылдык тажрыйбасы бар педагог .Ал сабактарын кызыктуу жанаи жандуу отууго ароакет кылат .Окуучулардын дептерлери толук,убагында текшерилип турат.Интерактивдуу методдорду кенири колдонот.Карточкалар,математикалык баш катырмалар ,ребустар колдонулат.

2-чейректин жыйынтыгына келсек,билим сапаты жетишуу мурунку чейрекке караганда ылдыйлап кеткен окуучулар .тескерисинче ,жакшы ийгиликке жеткен окуучулар болду.Мугалимдердин алдындагы зор милдет – окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун жогорулатуу, иновациялык ыкмаларды колдонуу, компонентуулуко ,баалоо критерийлерине зор конул буруу зарыл .

Чейректин жыйынтыгында отличниктердин саны жогорку класстарда жок, ударниктер 8.башталгыч класстарда отличниктер 7,ударниктер жети окуучу.Сабакка жетишпей калган окуучу жок .

Лабароториялык –практикалык иштердин аткарылышынам келсек , мектепте лабаротория жок , керектуу куралдын жоктугуна окуучулар теориялык гана билим алышат.

Начар окуучулар менен иш алып баруу учун начар окуучулар начар окуучулар менен иштоо журналы ар бир предметникте бар .Расписание боюнча сабактар жумасына эки жолу откорулуп турат. Журналдар толтурулуп ,баалар коюлат.Календардык жана кундолук сабактардын пландары бар жана убагында жазылып турат.

Сыйлоо материалдарын кароо боюнча комиссиянын отуруму 3-класстын класс жетекчиси Орозалиева Дираранв райондук денгээлдеги сыйлыкка корсотту .

Эми айтып кете турган соз 3-чейректин жыйынтыгында копчулук окучулардан бир ,эки сабактардан уч чыгып,ударникке жетпей калышыптыр.Класс жетекчилер кайсы жакты карап журосунор?

Мисалы 8-кл Амантурова М,Кубанычбекова ,Малабекова М,9-класс Идирисова,Кадырыровалардан 1ден гана сабактан уч болуп калган.Предметниктер ,эмнени ойлонуп атасыздар ,кичине конул буруп класс жетекчиге айтып иш кылбайсыздарбы!Болгондо да чечуучу чейректе ушундай туура эмес иш кылып атасыздар.Бул сиздердин недоработканар.

Кенешмеде чечим кылынды

1.Ар бир предметтин окутууда билим сапатына конул бурулсун .

2.Чейректик бааларды коюуда шалаакылыкка жол берилбесин.

3.Начар окуучулар мене иш алып баруу кучотулсун

4.Орзалиева Динара райондук сыйлыкка корсотулсун.

Мектеп директору Джусупова Н С

Катчы Тотуева А. С.

**Протокол №8**

Күнү: :15.04.2021

Мугалимдердин саны : 12

Каралуучу маселелер:

1.9-класстын аттестацияга даярдыгы билим сапатынын мониториги .

2.Биология сабагынын берилишинин жыйынтыгы .

3.Сурот,музыка ,кол эмгек сабактарын козомолдоонун жыйынтыгы .

4.9кл бутуруу экзамендерине даярдоо .

5.Мектептин айланасын жашылдандыруу .

Кенешмени мектеп директору Джусупова Нургул Султановна ачып ,кун тартиби менен тааныштырды.

1.Биринчи суроо боюнча созду 9-класстын класс жетекчиси Султанова Росияга берилди

Султанова Росия:

9-класста 8-окуучу окуйт.анын ичинде 5 кыз,3 ударник бар .Калган окуучулар канаатандырарлык окушат.Эки алган окуучулар жок.Билим сапаты боюнча 9- класстыкы 28%дв тузду .

2.Джусупова Нургуль

Биология сабагы боюнча Капарова Махабаттын сабагынын берилиши апрель айынын башында текшерилди.Махабат он жвлдан ашык ушул мектепте иштеп келет.Махабат оз кесибин суйгон,жумушун жакшыбилген мугалим.Сабактарынын баары кызыктуу коргозмолуу отулду.Озунун декадасында акандай конкурстарды кыска убакыттын ичинде мыкты уюштуруп ,жакшынакай сабактар отулуп жатты .Махабаттын ишине ийгилик каалайм.

3.Сурот,музыка кол эмгек сабактарынан эки болок мугалим берет.Мокушева жан Сарыбаев .Алардын сабагына эки жолу эле катыштым.Музыка сабагынан адис эмес мугалим болгондуктан музыка сабагы керектуу денгээлде отулбойт.Ал эми сурот сабагынан адис болгондуктан сабактары кызыктуу отулот.Оз сабагын мыкты билет

Сарыбаев Сагынбек.

4.Эми барыбыз билебиз онлайн сабактар отулуп жаткандыгын быйыл былтыркыдай эле онлайн экзамендерди кабыл алабыз.Тартиби менен бардыгынар таанышсынар да,бирок дагы жол жобосу менен тааныштырып отойун.Нускама менен мектеп директору тааныштырды,комиссия тузулду.Чыр чатактар боюнча да комиссия тузулду.

Жогору айтылгандардын негизинде чечим кылынды:

1 .9-класстын окуучулары толугу менен экзаменге киргизилсин .

2.Капарова Махабат Алтымыш негизги мектебинин химия,биология мугалиминин иши канаатандырарлык деп табылсын.

3.Сурот,музыка мугалимдери Мокушева ,Сарыбаев  сабактарын кызыктуу ,отушуно кобуроок конул бурулсун .

4.Экзамен учурунда  бардык санитардык нормалар ,нускама боюнча экзамендердин эрежеси да  сакталсын.

Мектеп директору : Джусупова

Катчы : Тотува А С

**Протокол №9**

Күнү: :12.05.2021

Мугалимдин саны:15

Катышканы:12

Каралуучу маселелер:

1.Окуу программасынын аткарылышы

2.Алиппе майрамыны даярдык коруу.

3.Жаны окуу жылына мектепти болжолдуу комплектоо.

4.Акыркы конгуроого даярдык коруу.

1.Окуу программасынын аткарылышын Орозалиеыа Динара отчет берди завуч катары.Быйылкы окуу жылында стандарт боюнча бизге берилген программанын негизинде календардык пландар тузулгон.Кээ бир предметтер боюнча экиден сабактар план боюнча жетпей жатат.Анткени айт кундору ,майрам кундору расписаниеси туш болгон сабактар план боюнча толук болбой жатат.Ошол жетпей калган сабактарды дополнительный сабак отуу менен толукташ керек.

2.Абдулканоыа Элнура сен быйыл 1-класстын класс жетекчисисин алиппе майрамы жакындап келе жатат.Сенде кандай даярдык болуп жатат.Абдулканова Элнура сценарий менен тааныштырды.Сценарий жакшы тузулуптур ,бирок дагы бир жакшы кызыктуу жомок сыяктуу кылып отсон жакшы болот.Башка класстын мугалимдери оформлениесине жардам бергиле.

3.Жаны окуу жылына укомплектование угузуп коеюн.

Бизде пенсинерлер торт мугалим 4совместитель бар,биздин алдыбызда акредитация турат,обеспеченность педкадрами дегенде низкий процент алышыбыз мумкун ошондуктан совместительдерди жана пенсинерлерди кыскартмай болдум.

1.Майчекирова Фарида –совместитель,пенсионер жана башталгыч класстын мугалими эмес

2.Жамангулов Кенжебек-совместитель анын физика сабагын биздин постоянный математик мугалимине жуктосо болот.

3.Джусупова Гулира-пенсионер ден-соолугуна байланыштуу кыскарып жатат.

4.Сарыбаев Сагынбек агайдын дене тарбия сабагын жаны адис мугалимге жуктолот.

Калгандар базистик план боюнча оз саатарынар менен иштей бересинер.

4.Акыркы конгуроо быйылда онлайн режимде болот .

Ошондуктан 9-класс,4-класс,1-класстын жеткчилери сценарий чогуу тузуп даярдык коргуло.Ал эми калган класс жетекчилер жетпегенин толуктап жардам бергиле.Онлай режимде ыидео номрлерди даярдагыла .Даяр болгондо мага созсуз корсоткуло.

Жогоруда айтылгандын негизинде кенешмеде чечим кылынды.

1.План боюнча окуу планын аткарылбай калган сабактарын кошумча сабактар менен толукталсын.

2.Алиппе майрамына Абдулканова Элнура даярдык корсун.

3.Жаны окуу жылына укомплектование текшеруудон отуп бекитилсин.

4.1-9 класстын класс жетекчилери Акыркы конгуроо майрамына даярдык корулсун.

Директор Джусупова.Н С.

Катчы Тотуева А С

**Протокол № 10**

Күнү:: 12.06.2021

Мугалимдердин саны : 15

Катышканы :12

Каралуучу маселелер :

1.Бутуруу жана кочуруу экзамен боюнча анализ ,мониторинг

2.Окуу жылынын жыйынтыгы.

1.Мыны ушинтип биз бутуруу экзамендерди да аяктадык.Быйыл былтыркыдай эле онлай режимде экзамендер окуучулардын катышуусусуз эле отту.4 предметтен берилди.Баардык санитардык нормалар сакталды .Жобо боюнча буйруктар чыгарылды,ротоколдор туура толтурулду.Баалрды коердо окуучулардын кызыкчылыгы да эске алынды.

Эми 23-до куболукторду туура толтуруп, куболукторду таратуу дагы бир чон милдет.Бааларын дагы бир жолу текшерип чыгууга жардам бергиле.

2.Быйылкы окуу жылынын жыйынтыгы боюнча директор кыскача доклад берди. Ар бир мугалим кошумчасын, алымчасын айтып жатышты.

Жогорууда айтылгандардын негизинде ,кенешмеде чечим кылынды.

1.Экзамендер оз убагында ,туура эч бир нормаларды бузбай отулду деп эсептелинсин.

2.Быйылкы окуу жылында жасалган иштер анын жыйынтыктары канаатандырарлык деп таблвлсын .

Мектеп директору Джусупова Н. С.

Катчы Тотуева А. С.

**Протокол № 11.**

Күнү: 25.08.2021

Мугалимдердин саны:13

Катышканы:13

Каралуучу маселелер .

1.Мектептин жаны окуу жылына даярдыгы .

(Санитардык-гигиеналык режимдин сакталышы )

2.Китепкананын абалы.

1-сентябрь Билим кунуно даярдык коруу .

3.Мектептин иштоо циклограммасы .

4.Биринчи класстын окуучуларын комплектоо.

5.Мектептин иштоо режими.

Кенешмени Джусупова .Н.С.Кенешменин кун тартиби менен тааныштырды.

1.Саламатсынарбы урматтуу колегалар !Быйыл жаны окуу жылы биринчиден биз куткон реалдуу режимде жана 15-сентябрдан башталат.Экинчиден санитардык-гигиеналыкрежимди сактоо усун бардык педколектив толук ыакцина алышыбыз керек .Мен озум эки жолку вакцинаны алып буттум,калгандарынар вакцина алгандыгынар тууралуу сертификатынарды алып келгиле.

Быйылкы окуу жылына даярдык боюнча окуу кабинеттердин абалын айтсак .Быйылкы жайда тарых кабинети бутуруучулордун жардамы менен 35 минге оформлениеси бутурулду.Калган кабинеттерге оз убагында сырлар ,акташы таратылып парталар сырдалды.Санитардык режиге колдонулуучу санитайзерлер коюлган.Окуу кабинеттери жаны окуу жылына толук даяр.Ашкананын абалы толугу менен жаныртылган .Китепкананын абалы кабинеттер жетишпегендиктен тар кабинетке кочурулгон.Бирок китептер иретуу текчелерде ар бир класс боюнча коюлган .Китепкана тар кабинетте болгондуктан кененирээк болсо жакшы болмок.1-сентябр билим кунуно ар бир класс жетекчилер уборка кылып дезинфекциялагыла.Ар бир окуучу мектепке маска тагынып келуусун ата-энелерге айткыла.1-класстын окуучулары комплектоодо 0 кл .окуучулардын бардыгы быйылкы окуу жылында 1-класска кирип окууларын башташат.Бардыгы 9-окуучу.Мектептин иштоо режими жылдагыдай эле ,эки сменде окушат.Анткен окуу кабинеттери жетишсиз.Биринчи смен 8.30.башталат,экичи смен 12.00 окуйт

Жогору айтылгандын негизинде чечим кабыл алынды.

1.Мектептин жаны окуу жылына даярдыгы мектептин администрациясы жана директор ,класс жетекчилерге жуктолсун.

2.Китепканачы Исаеыа Айгулгокитепкананын абалын мындан ары окуу китептерин таза ,иретуу абалда жана окуучуларга окуу китептерин туура сактоону козомолдосун.

3.1-сентябрь Билим кунуно даярдык коруу ар бир класс жетекчиге жана мектеп парламентине дайындалсын.

4.Мектепте райондук жылдык пландын негизинде тузулгон мектептин циплограммасы мене ниш алып барылсын.

5.Мектеп 1жана 2 сменада жугуртмо боюнча иш алып барылсын.

Мектеп директору Джусупова Н.С

Катчы Султанова Р.Т

# Протокол №12

Күнү::21.09.21.

Мугалимдердин саны:13

Катышканы:12

Каралуучу маселелер :

Мектеп китепканасынын документациясынын абалы жана китеп менен камсыз болушу.

2.Башталгыч класстарда ысык тамактарын уюштуруу .

Ийримдердин ишин уюштуруу.Дежурствону уюштуруу .Укук бузууну алдын алуу жолдору.Техникалык коопсуздукту сактоо боюнча иш кагаздарын алып баруу.

3.1-чейрек ичинде аткарылуучу иштер.Кыргыз тил жана адабият предметтик декадасынын жыйынтыгы.Кыргыз тилчилердин декадасынын жыйынтыгы.Старттык текшеруу иштердин жыйынтыгы.

4.1-4 класстардын окуу техникасын текшеруу.

Мектеп директору Джусупова Н соз суйлоду.Саламатсыздарбы урматтуу коллегалар бугку кенешменин кун тартибинде каралуучу маселелер менен тааныштырды.

1 маселе боюнча директор кыскача токтолуп,томонкулорго токтолду.Китепкака боюнча айта турган болсок.,документациясы толук толтурулган эмес.Инвентаризация китеби,суммарный китеби,наклодной болуш керек,фонд боюнча бардыгы канча китеп бар экени белгисиз кассовый книга жана журнал боюнча окуучуларга таратып берилиши керек.Ушул документациянын баары Исаева Айгул эжеге айтыган .Жыйынтыгында дагы деле толук аткарылбай атат.Ар бир класста окуучулардын,мугалимдердин картотекасы созсуз болуш керек .Ар бир класстын класс жетекчилери менен иштеш керек .Канча китеп ,кайсы класс ушундай иштер аткарылышы керек.8-класста,9-класста кыргыз тил китеби жетишпейт.7-класста кыргыз адабият китеби ,7-8-9-класстарда геометрия китеби жетишпейт.

2.Башталгыч класстын ысык тамагы боюнча ар бир класста озулорунун дептерлери болуш керек.Кун сайын канча бала тамак ичти ,канча бала ичкен жок учетун жазып туруш керек.Балдардын коопсуздук эрежелерин сактоо тарбия журналдарында толтурулуш керек жана класстарда коопсуздук эрежелери корсотулуп турулсун.Табличкалар тагылып турсун.

3.Кыргыз тили жана адабияты предметинин декадасы боюнча кыргыз тили мугалими

Орозбекова Жазгул суйлоду:Декада сентярь айында откорулду.Ар бир класс даярданды.Стен газета,буклет,Манас айтуу ,Корком окуу,сочинение ,улуттук оюндар ,жана улуттук тама5к аштар конкурстарды откордук .Баардык класстын окуучулар активдуу катышты.Аягында жыйынтык чыгарылып активдуу катышкан окуучуларга белектер тапшырылды.

1.Сурот тартуу стен газеталар боюнча 8-класс жана 5-класс эн мыкты дубал газета чыгарышкан.

2.Буклет жасоо боюнча 6-класстын окуучуларыныкы мыкты деп табылды.

3.Сочинение жазууда 8-класстын окуучусу Токтомушева Т,Тотуева Айбийкелердики мыкты деп табылды.

4.Мектеп ичинде «Манас» айтуу боюнча8-кл окуучусу Кадыкулова Д,7-кл окуучусу Мамытова Асемалар мыкты Манас айтышты .

5.Улуттук оюндарга 9-класстын окуучусу Кубанычбеков Б,8-кл окуучусу Мокушев А,Съездбеков .Г .активдуу катышып женишке ээ болушту.

Старттык текшеруу иштер боюнча жыйынтыгы прцент менен чыгарып ар бир предмет мугалимдери жыйынтыгын айтып беришти.

Орус тил предмети 5-класс -75%

8-кл-80%, 9-кл-57%,3-кл-75%.

Англис-тили 5-кл-100%, 7-кл 100%, 8-9-кл 100%

Биология 0%,география 0%.

Кыргыз тил сабагы 7-кл 100%, 8-кл 88%, 9-кл 85%.

Тарых сабагы 6-кл 66%, 9-кл 85%, 7-8 кл 0%.

Математика сабагы 5-кл 20%,6-кл 0%,8-кл 40%,9-кл 35%,7-кл 0%.

4.1-4 класстарда окуу техникасын текшеруудо класс жетекчилер отчет беришти.1-класстын окуучулары муундап окуп калышты 2-класс -1 окуучу нормага жетпейт.Калгандары нормагы жетет.

3-класс нормага жеткен 2 окуучу.

4-класс баары 10 окуучу нормага жетпеген 1 окуучу.

Жогорудагы айтылгандардын негизинде томонкудой чечим кылынды.

1.Китепканачы Исаева Айгулдун китепкана боюнча иш кагаздары документациясы толукталсын ийримдердин иш пландары тузулуп ,иш алып барылсын.Дежурство график боюнча оз убагында откорулсун.

2.Техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо иш кагаздары такталсын ,толукталсын.

3.Кыргыз тили жана адабияты предмети боюнча откорулгон декада эн жогорку денгээлде откорулду деп табылсын.Старттык текшеруу иштердин устундо кетирилген каталар боюнча кошумча сабактарда терендетилип откорулсун.

4.1-4 класстарда окуу техникасы боюнча начар нормага жетишпеген балдар менен класс жетекчилер ,башталгыч класстын мугалимдери окуу техникасына кобуроок конул бурулсун.

Мектеп директору Джусупова Н С

Катчы Султанова Р

**Протокол №13**

Күнү::25.10.2021

Мугалимдердин саны :14

Катышканы :13

Каралуучу маселелер :

1.5-класстын адаптациясы

2.Тарыхчылардын декадасынын жыйынтыгы.Зээндуу ,начар окуучулар мене ниш алып баруунун жыйынтыгы.

3.Коп балалуу,жетишпеген уй-булоолор жонундо маалымат.

Мектепте от жагуу сезонуна даярдануу .

4.Жаш мугалимдер менен семинардын отулуусу жонундо маалымат.

1.5-класстын класс жетекчиси Мокушева Азимкул суйлоду .5-класста баардыгы 9-окуучу 1-окуучу Кара-Булактан жаны келди Калысбеков Касымбек .Жалпы 6 эркек 3-кыз .Негизинен жакшы окуган окуучулар жакшы оздоштуруп жатышат.Айбийке,Розель,Имран,жакшы жетишип конуп калышты.Жетишпеген окуучулар Жайлообеков Тынычбек ,Омурбеков Азим жана Калысбеков Касымбек начар окуп ,дептерлери жок,уй тапшырмаларды аткарбайт.

Математика сабагы Султанова Р-Таблицаны толук билбейт,мамыча турундо кобойтуу болууну начар билишет.Жайлообеков Т,Калысбеков К,Омуралиев А.

2.Джусупова Нургул соз суйлоду.

Тарых сабагы боюнча предметтик декада боюнча ден-соолугума байланыштуу себептуу шарттар менен откоро албай калдым.Эми ушул чейректе тарых боюнча декаданы откором.2-чейректе декада тарых сабагынан болот.

Абдулканова Элнура

Зээндуу жана начар окуган окуучулар мене иш алып барууда зээндуу окуучуларга озунчо тапшырмаларды берип ,начар окуган окуучуларга женилирээк тапшырмалыарды берип кошумча сабактарды отуп жатам.

3.Коп балалуу жетишпеген уй-булоолор жонундо маалыматты .Джусупова Нургул соз суйлоду.Класс жетекчилер класстар боюнча отчет беришти.

1-кл.Абылгазиева Анаркул 4-баласы бар.

2-кл.Абдраимова Зияда.

3-кл Шабдалиева А,Шаршеева Гулжан

4-кл.Орозоева Журсун ,Омурбеков Азим.

7-кл.Мокеева Толокан

8-кл.Дуйшонкулов Суйундук.Кадыркулов С.

9-класс Шаршеева Г,Жайлообаева С.

Жетишпеген уй булоолор.

7-класс -Усенбеков Жаныбек

8-класс –Кошчуев Нурсултан

5-класс- орозоева Журсун ,Омурбеков Азим

9-класс-Жайлообаева Салтанат

6-класс-Абдраимова Зияда .Жайлообаева Салтанат.

4-класс- Шабдалиева Анаркул.

Мектеп от жагуу сезонуна даярдык боюнча директор Джусупова Нургул

.Арбир класста жылыткычтар коюлган электр энергиясы менен иштегендиктен ар бирине автоматтар менен иштейт.Электриктер электр проводдорун текшерип конвекторлорду бир сыйра текшериште .Ал эми класс жетекчилер окуучулар менен техникалык коопсуздук эрежелерин откоруп класстарга коопсуздуки эрежелеринин табличкаларын илиш керек.

4.Жаш мугалимдер менен семинардын отулуусу жонундо маалыматты директор Джусупова Нургул айтып берди.Биздин мектепте жаш мугалимдер Мокеева Толокан,Абдыкеримова Гулзада ,Мамбетказиев Нарис .Жаны окуу жылы башталгандап баштап журналдарды толтуру боюнча ,кундолук план ,календардык план,класс жетекчинин журналын толтуруу боюнча семинар откорулду

Жогоруда айтылгандарды негизинде томондогудой чечим кылынды .

1.5-класстын окуучуларына 1-чейректе предметтик мугалимдер ар бир окуучуга жекече мамиле жана кененирээк конул бурулсун.

2.Тарых сабагынын декадасы себептуу шарттар боюнча ден-соолугуна байланыштуу 2-чейректе откорулсун,мооноту узартылсын .Зээнду жана начар окуган окуучуларга ар бир мугалим план боюнча иш алып барылсын.

3.Мектепте коп балалуу жана жетишпеген уй булоолор боюнча малымат класс жетекчилерге жуктолсун.Мектепте от жагуусун электриктерге электр жабдуулары кышкыга даярдалсын .

4.Жаш мугалимдерге 2-чейректе да,семинар оз убагында откорулуп,маалыматтар жеткирилип турсун.

Мектеп директору Джусупова Н.С